CAMPalatoo
коомдук фонд
общественный фонд
тоолуу аймактардын туруктуу өнүгүшү үчүн
для устойчивого развития горных регионов

# Мал жаюунун жайытка тийгизген таасирин баалоо боюнча КОЛДОНМО



**Түзүүчүлөр:**
Азамат Исаков, Максат Мийназаров
**«Camp Алатоо» коомдук фонду,**
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.
Уфа туюк көчөсү, 3
т.: +996 312 90 97 03
www.camp.kg
**Фото**
© «Camp Алатоо» КФ архиви
**Дизайн жана верстка**
Алыбек Исмаилов

© «CAMP Алатоо» коомдук фонду 2019-ж.

---

Колдонмо АКШ Токой кызматынын Эл аралык программасынын «Жайыт комитеттери колдоно турган GRI ыкмасы боюнча мал жаюу пландарын иштеп чыгуу» долбоорунун алкагында даярдалган.

“Жергиликтүү социалдык-экономикалык өнүгүүдө жарандык коомдук уюмдардын жана жаштардын катышуусун күчөтүү” долбоорунун алкагында, Европа Биримдиги тарабынын каржылык колдоосу менен кыргыз тилине которулуп чыгарылды.

---

www.camp.kg

CAMPalatoo
коомдук фонд
общественный фонд
тоолуу аймактардын
туруктуу өнүгүшү үчүн
для устойчивого
развития горных регионов

# Мал жаюунун жайытка тийгизген таасирин баалоо боюнча КОЛДОНМО

КИРИШ СӨЗ .......... 5

ЖАЙЫТТЫ КОЛДОНУУ ЫРГАГЫ .......... 7

ЖАЙЫТТЫН МАЛ ЖАЮУДАН КИЙИНКИ АБАЛЫ .......... 8

ЖАЙЫТТЫН ӨСҮҮ ЖАНА КАЙРА
КАЛЫБЫНА КЕЛҮҮ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ .......... 10

ЖАЛПЫ БААЛОО .......... 11

МАЛ ЖАЮУНУН ЖАЙЫТКА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ
(МЖЖТТ) .......... 12

ДАЯРДЫК ИШТЕРИ .......... 13



# КИРИШ СӨЗ

Жайыттарды башкаруу пландарын иштеп чыгуу, жайыттардын кунарсызданышынын алдын алуу жана жайыт пайдалануучулардын экономикалык абалын жакшыртуу, Кыргыз Республикасынын дээрлик бардык айыл аймактарында түзүлгөн жайыт комитеттеринин негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Жайыт пайдалануу же мал жаюу планы, жайыттарды башкаруу планынын абдан маанилүү бөлүгү болуп саналат. Жайыттардын абалы туура, так иштелип чыгарылган пландан жана анын аткарылышынан көз каранды.



Бүгүнкү күнү жайытты пайдалануу пландары жайыттардын сыйымдуулугунун негизинде жүзөгө ашырылат, аны аныктоо иши алдын ала даярдыкты талап кылат. Аталган көрсөткүчтөрдү билүү, жайыт тилкелериндеги биомассанын көлөмүн аныктоо үчүн зарыл. Бирок көп учурда мындай иштер, жайыт пайдалануу үчүн төлөм чогултуу жана жайыт инфратүзүмүн жакшыртуу жумуштары сыяктуу иштер менен алек болгон жайыт комитеттеринин күндөлүк тыгыз иш жүктөмүнүн байланыштуу жүргүзүлбөйт. Анткени жайытка мониторинг жасоонун жүрүшү абдан көп убакытты жана күчтү талат. Андыктан жайыттардын өсүмдүк каптамындагы өзгөрүүлөрдү текшерип туруу ишин жеңилдетүү үчүн бир кыйла жөнөкөй жана түйшүгү жеңил инструмент зарыл. Мал жаюунун жайытка тийгизген таасири ушундай инструмент болуп бериши мүмкүн. (МЖЖТТ).

МЖЖТТ жайыттарды жылдык пайдаланууну жана вегетациялык мезгил аралыгындагы мал жаюунун таасирин баяндап жазуу үчүн колдонулат. Өсүмдүктөрдүн физиологиясын жана мал жаюуга карата өсүмдүктөрдүн реакциясын түшүнүү, башкаруу пландарын иштеп чыгуу үчүн абдан чоң мааниге ээ. Ошондуктан мал жаюу үчүн жайыттарды пайдаланууну толук туура баалай турган мониторинг инструментине муктаждык бар. Инструмент жайыт өсүмдүктөрүн көлөмүн жана курамын, ошондой эле, өсүмдүктөргө мал качан жайылганын жана вегетациялык мезгилдин ичинде канча жолу мал откорулганын дагы баалай алышы керек.

АКШда иштелип чыккан МЖЖТТ жайыттарды сезон алкагында алмаштырып колдонууга негизделген жана бир жайыт тилкесин бир нече чакан тилкелерге бөлүштүрүү менен ишке ашырылат. Бул усулду аткаруу үчүн жайыт пайдалануучу мал жаюу күндөрүнүн санын жана вегетациялык мөөнөттүн узактыгын так билүүгө тийиш. Мал жаюу сезонунун соңунда жайыттын абалына «көз болжол» менен баалоо жүргүзүшү зарыл. Ушул маалыматтарды эске алуу менен малчы туура жыйынтык чыгарып, кийинки жылдагы мал жаюуну пландай алат.

МЖЖТТ жайыттарды жыл сайын колдонуунун жалпы көрсөткүчтөрүнө негизделет жана өсүмдүктөрдүн абалына байланышкан үч башкы концепцияны көңүлгө алат: 1) Жайытты колдонуу ыргагы; 2) Жайыттын мал жаюудан кийинки абалы; 3) Жайыттын өсүү жана кайра калыбына келүү мүмкүнчүлүгү.



## ЖАЙЫТТЫ КОЛДОНУУ ЫРГАГЫ

Жайытты колдонуу ыргагы – бул жайытка мал жаюу мезгилинде малды откоруу күндөрүн баалоо. Ал мал жайылган мезгилдин узактыгынан көз каранды. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, өсүмдүктөрдүн андан ары өсүүсү үчүн бир жайыт тилкесинде мал откоруу 7 күндөн 10 күнгө чейинки мөөнөттө жүргүзүлүшү керек. Бир жайыт тилкесине чөптөрдүн өсүү мезгилинде үч же андан көп жолу кайталап мал жаюу өсүмдүктөргө терс таасир тийгизет. Башкача айтканда, тынымсыз мал жаюуда өсүмдүктөрдүн энергетикалык ресурсу төмөндөйт. Көп ирет кайталап мал откоруудан өсүмдүктүн энергиясы жана кайра калыбына келүү жөндөмдүүлүгү, ошондой эле, тышкы таасирлерге туруктуулугу жоголот.

Жайытты колдонуу ыргагын жаз жана жай мезгилине туура келген вегетациялык мезгилдин башталышы менен баалоого болот. Ушул учурда чөптөрдүн жапырт өсүшү байкалат. Күзүндө жана кышында мал жаюунун көрсөткүчүн баалоо мүмкүн эмес, анткени ал мезгилдерде өсүмдүктөрдүн өсүүсү токтоп калат. Жайытты пайдалануу мезгилинде өсүмдүктөргө канча жолу мал откорууга болоорун (мүмкүндүгүн) баалоо үчүн мал жаюу пландалган күндөрдү 7 күнгө бөлгүлө (же чөптүн өсүшү жай болуп жатса 10 күнгө бөлгүлө). Жайытты 7 жана андан көп күн колдонуу эски ыкма, анткени жайыттын оту андан дагы көп күн мал откорууга жарай турган болушу мүмкүн. Жыл мезгилдерине байланыштуу өсүмдүктөрдүн өсүү ыргагы тууралуу жергиликтүү билимдерди жана аба-ырайынын шарттарын колдонгула жана өз эсебиңер боюнча 7 же 10 күндүк кайра калыбына келүү убактысын пайдалангыла. Буга +1 тартып -1 чейинки Индекс мааниси ыйгарылат.

**ТАБЛИЦА 1**
ЖАЙЫТТЫ КОЛДОНУУ ЫРГАГЫН БААЛОО

| Жайытты кайталап пайдалануунун саны | Мал жаюу күндөрүнүн саны | Баалоо |
|---|---|---|
| 1 | 7 | + 1 |
| 2 | 7-14 | 0 |
| ≤ 3 | ≤ 14 | - 1 |

Бир жолу мал жаюу (индекс мааниси =1) өсүмдүктөргө жагымдуу таасир этет. Эки жолу мал жаюу (индекс мааниси =0) анча чоң эмес салыштырмалуу натыйжа жаратат. Жайытка 3 жана андан көп жолу мал жаюу (индекс мааниси =1) өсүмдүктөргө терс таасир тийгизет.

## ЖАЙЫТТЫН МАЛ ЖАЮУДАН КИЙИНКИ АБАЛЫ

Интенсивдүүлүк же жайыттын мал жаюудан кийинки абалын баалоо – мал жаюу мезгилинде өсүмдүктөрдүн канча жалбырак материалы желгенин көрсөтүп турат. Мында эң башкысы, мал откоруудан кийин өсүмдүктүн бир бөлүгү сакталып калышы жана чөп каптамын калыбына келтирүүгө зарыл болгон фотосинтез процессине жетиштүү жалбырак аянты болушу зарыл. Жайытты колдонуудан кийин чөптөрдүн кайра өсүүсү, калган жалбырактардын аянтына, же болбосо углевод камдыгынан көз каранды (б.а. сакталган энергиядан). Мал оттогондон кийин жайыт чөбүндө канчалык көп көлөмдө жалбырактар сакталып калса, углевод менен толуктоо үчүн фотосинтездөө жөндөмдүүлүгү көбүрөөк болот. Жайытты колдонуу убагында жалбырактардын жарымынан көбүрөөк бөлүгү сакталса, күндүн энергиясын кабыл алуу аянты жетиштүү болот жана бул өсүмдүктөрдүн өсүшүнө жана кайра калыбына келишине мүмкүндүк берет. Жайыттын мал жаюудан кийинки абалын баалоо, жалпы колдонуунун соңунда ченелет жана үч деңгээлден - жеңил, орто жана оор колдонуу ыкмасы боюнча сүрөттөлүп бааланат.

**ТАБЛИЦА 2**
ЖАЙЫТТЫН МАЛ ЖАЮУДАН КИЙИНКИ АБАЛЫН БААЛОО

| Жайыттын колдонулган абалы | Жайыт чөбүнүн пайыздык өлчөмү (%) | Жайыт чөбүнүн пайыздык өлчөмү (%) |
|---|---|---|
| Жеңил | 40 | +1 |
| Орто | 40-55 | 0 |
| Оор | 55 | -1 |

Жайыт тилкесиндеги пайдалануу деңгээлин аныктоо үчүн «ландшафттын тышкы көрүнүшү» усулун пайдаланууга болот.

ЛАНДШАФТТЫН ТЫШКЫ КӨРҮНҮШҮН АНЫКТОО УСУЛУНУН МИСАЛЫ (ЧӨП ӨСҮМДҮКТӨРҮНҮН АБАЛЫ)

| Жайыт чөбүн пайдалануу абалы | Ландшафтын абалын сүрөттөп баяндоо |
|---|---|
| 0-5% (2,5%) | Жайыт тилкесинде мал жайылбаганы же малдын анча көп эмес убакыт откорулган белгилери көрүнүп турат. |
| 6-20% (13,0%) | Жайыт тилкесинде мал аз убакыт жайылганы көрүнүп турат. Чөп өсүмдүктөрү жогору жагынан гана учкай желген. Жандыктар гүлдүү бутакчаларды жана жаңы өсүп чыккан өсүмдүктөрдү гана жеген. |
| 21-40% (30,0%) | Жайыт тилкесинде чөптөрдүн жогорку бөлүктөрү учкай желген. Тоют баалуулугу төмөн өсүмдүктөр желген эмес жана чөптөрдүн ошол учурдагы гүлдүү бутактары 60-70% сакталып калган. Жаш бутакчалар 50% желген. |
| 41-60% (50%) | Жайыт тилкеси табигый мүнөздөмөсү жана объектилери канчалык мүмкүнчүлүк берсе, ошончо деңгээлде өсүмдүктөр менен тегиз капталган. Гүлдүү өсүмдүктөрдүн 15-20% сакталып калган. Тоют баалуулугу төмөн чөптөрдүн 10% аз бөлүгү гана желген. |
| 61-80% (70%) | Жайыт тилкеси толук колдонулганы көрүнүп турат. Чөп өсүмдүктөр толук желген, анда гүлдүү бутакчалар 10% аз калган. Тамыры сабак чөптөрдүн бутакчалары жок. Тоют баалуулугу төмөн чөптөрдүн 10% көбүрөөк бөлүгү пайдаланылган. |
| 81-94% (88%) | Жайыт тилкесиндеги чоптор чабылгандай көрүнөт жана өсүмдүктөр кайра өскөн белгилер байкалат. Чөп өсүмдүктөрүнүн репродукциясы же гүлдөгөн бутакчаларынын белгилери көрүнбөйт. Тоют чөптөрүнүн түрлөрү толук түгөнгөн. Малга жагымдуу чөптөрдүн сабактары түбүнө чейин желген. |
| 95-100% (97,5%) | Жайыт тилкеси толук колдонулган. Тоют баалуулугу төмөн чөптөр 50% ашык пайдаланылган. |

# ЖАЙЫТТЫН ӨСҮҮ ЖАНА КАЙРА КАЛЫБЫНА КЕЛҮҮ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ

Мүмкүнчүлүк – бул өсүмдүктөрдүн мал жаюуга чейин же мал откоруудан кийинки кайра калыбына келүүсүнө керектүү убакыт. Бул фактор жайыт өсүмдүктөрүнүн вегетациялык мезгили менен байланышкан.

Мүмкүнчүлүк өсүмдүктөрдүн узак мөөнөттүү жакшы абалына жана энергиясына бир кыйла тыгыз байланышкан факторлордун бири болуп саналат. Бул топурактын нымдуулугуна, температурасына жана жалбырак аянтына көз каранды. Ушул фактор абалы жакшы өсүмдүктөрдү колдоо үчүн абдан зарыл, андыктан бул атрибут үчүн салыштырмалуу рейтинг эки эсе көбөйтүлөт. Өсүү же тоют өстүрүү мүмкүнчүлүгү үчүн индекс мааниси:

**ТАБЛИЦА 3**
ЖАЙЫТТЫН ӨСҮҮ ЖАНА КАЙРА КАЛЫБЫНА КЕЛҮҮ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮН БААЛОО

| Жайыттын өсүү жана кайра калыбына келүү мүмкүнчүлүгү | Баалоо |
|---|---|
| Толук мезгил | + 2 |
| Мезгилдин чоң бөлүгү | + 1 |
| Айрым мүмкүнчүлүктөр | 0 |
| Кичине мүмкүнчүлүк | - 1 |
| Мүмкүнчүлүк жок | - 2 |

Мүмкүнчүлүктү аныктоо – бул вегетациялык мезгилдин соңунда өсүмдүктөрдүн абалына негизделген ой жүгүртүүгө чакырык. Эгерде өсүмдүктөр мал жайылбагандай болуп колдонулса же кадыресе пайдаланылса, анда +2 мааниси ылайык келет. Эгерде өсүмдүк колдонулгандай болуп, бирок жакшы абалда болсо +1 баасын колдонгула. Эгерде жайыт тилкеси кайра калыбына келүүгө мүмкүнчүлүгү жок абалга чейин колдонулса, анда ага -2 мааниси ыйгарылат.

Ошондой эле, сиздерге чечим кабыл алууга жардам бере турган айрым жалпы сунуштамалар бар. Мисалы жайыт сезонунда колдонулган жайыт жер -2 баасына туура келет деп күтүүгө болот (кайра калыбына келүүгө мүмкүнчүлүгү жок). Ал эми жыл ичинде ар кыл жыл мезгилдеринде эс алдырылган жана колдонулган бир нече жайыттардан турган тилкелер адатта эң жогорку баалоого – +2 же +1 маанисине татыктуу болот. Бул сунуштамалар сиздерге ишти баштоого жардам берет, бирок акыркы рейтинг өсүмдүктөрдүн өсүш абалына негизделиши керек.

ЖАЙЫТ ӨСҮМДҮКТӨРҮНҮН ВЕГЕТАЦИЯЛЫК МЕЗГИЛИНИН БЕЛГИЛЕРИ

Буга чейин сөз болгондой, өсүмдүктөрдүн вегетациялык мезгили аба-ырайынын шарттарынын өзгөрүүсүнө, адатта жаздын келишине байланыштуу. Вегетациялык мезгил – өсүмдүктөрдүн өсүүсүнө жана өнүгүүсүнө (вегетация) мүмкүнчүлүк берген учур. Абанын жылуу тартышы жана күндүн узарышы, өсүмдүктөрдүн жигердүү өнүгүүсүнө түрткү берет. Вегетация өсүмдүк өскөн жергиликтүү жана климаттык шарттардан көз каранды.

МЖЖТТ ыкмасы алкагында мал жаюунун жайытка таасирине баалоо жүргүзүү үчүн вегетациялык мезгилдин узактыгын жазгы жайыттарда 60 күн жана жайкы жайыттарда 120 күн деп кабыл алуу сунушталат. Изилдөөлөргө ылайык, вегетациянын мындай мезгили Кыргызстандын көпчүлүк жайыттары үчүн мүнөздүү көрүнүш.

## ЖАЛПЫ БААЛОО

Өзүнчө жайыт тилкесинде МЖЖТТ жалпы баалоо, өсүмдүктөргө мал жаюу ыргагынын, жайыттын мал жаюудан кийинки абалынын, өсүү жана кайра калыбына келүү индексинин маанилеринин суммасында чагылдырат. Бул маани учурдагы жайыт ресурстарын башкарууга карата өсүмдүктөрдүн реакциясын мүнөздөйт. Жыйынтыгында оң, нейтралдуу же терс



көрүнүштөгү сандык мааниси катары көрүнөт. Оң маани - башкаруу өсүмдүктөргө жагымдуу таасир тийгизип жатканын билдирет. Терс маани - жайытты башкаруу өсүмдүктөргө зыянын тийгизип жатканын жана узак мөөнөттүү келечекте жайыттардын абалын начарлата турганын көрсөтөт. МЖЖТТ өсүмдүктөрдүн абалын колдоого же жакшыртууга мүмкүндүк берген кезектеги пайдаланууну пландоого негиз берет.

Жалпы баалоонун көрсөткүчү жайытты вегетациялык мезгил аралыгында пайдаланууга негизделген. Ар жайыт үчүн жалпы маанисин эске алуу менен МЖЖТТ мал жаюуну башкарууну бир кыйла туруктуу натыйжаларга жеткирүүнү жөнгө сала алат. МЖЖТТ өзүнчө компоненттерди андан ары кароодо (атап айтканда, жайытты колдонуу ыргагы, жайыттын мал жаюудан кийинки абалы, жайыттын өсүү жана кайра калыбына келүү мүмкүнчүлүгү), МЖЖТТ баалоо менен оң натыйжаларга жетишүү үчүн башкарууга же инфратүзүмгө кандай өзгөртүүлөрдү киргизүү керектигин аныктоого болот.

## МАЛ ЖАЮУНУН ЖАЙЫТКА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

Ушул усулду ар бир жайытты же бир жайыт чегиндеги бир нече тилкени баалоо үчүн колдонгула. Ар бир сап МЖЖТТ баалоонун ар бир рейтингин билдирет. Мал жаюунун жайытка тийгизген таасирин аныктоо үчүн, бардык үч маанини кошкула (жайытты колдонуу ыргагы, жайыттын мал жаюудан кийинки абалы, жайыттын өсүү жана кайра калыбына келүү мүмкүнчүлүгү) жана сумманы «Бардыгы» деген мамычага жазгыла. Жалпы жайыт үчүн жалпы баалоону алыш үчүн бир жайыттын алкагындагы бир нече тилкедеги орточо санды алууга болот. Маалыматтык форманы Ар бир катышуучу же Жайыт үчүн өзүнчө толтургула.

| Жайытты колдонуу ыргагы | | Жайыттын мал жаюудан кийинки абалы | | | Мүмкүнчүлүк | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жайытты кайталап пайдалануунун саны | | Канча жолу колдонулду % | | | Өсүү же кайра калыбына келүү мүмкүнчүлүгү | |
| Мааниси: | | Мааниси: | | | Мааниси: | |
| 1 | +1 | Жеңил | <40% | +1 | Бүткүл мезгил | +2 |
| 2 | 0 | Орто | 40-55% | 0 | Мезгилдин чоң бөлүгү | +1 |
| 3 же андан көп | -1 | Жогорку | >55% | -1 | Айрым мүмкүнчүлүк | 0 |
| | | | | | Кичине мүмкүнчүлүк | -1 |
| | | | | | Мүмкүнчүлүк жок | -2 |

Жайыттын аталышы____________ Дата ____________ Байкоочу_______________

Пайдалануу мезгили ____________ тартып ______________ чейин

| Жайыттын аталышы | Тилке № | Жайытты колдонуу ыргагы | Жайыттын мал жаюудан кийин-ки абалы | Жайыттын өсүү жана кайра калыбына келүү мүмкүнчүлүгү МЖЖТТ (Бардыгы) | ОИВ (Всего) |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |

# ДАЯРДЫК ИШТЕРИ

МАЛЧЫГА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР

- Малчынын туруктуу жайыт жери болушу керек (жылда колдонгон жайыты);
- Көбүнчө малды жеке өзүнүн кайтаруусу (эгерде анын жардамчысы бар болсо, анда ага эмне ишти кандай кылып аткаруу керектигин кошумча түшүндүрүүсү зарыл);
- Малдын саны жөнүндө так маалыматка ээ болуусу;
- Ишке жоопкерчиликтүү мамиле кылуусу;
- Жайытта чоочун малдын (кошумча) пайда болушун көзөмөлгө алышы.

ЖАЙЫТ ТИЛКЕСИНЕ КОЮЛГАН ТАЛАПТАР:

- Мүмкүн болсо аймак табигый чек аралар менен тосулганы жакшы;
- Тилке ичинде жайыт котоpуу мүмкүндүгү.

## ТИЛКЕНИ КАРТАГА ТҮШҮРҮҮ


Усул колдонула турган жайыт тилкесин аныктоо зарыл. Ал үчүн малчы менен чогуу тилкени кыдырып көргүлө жана тилкени электрондук карталарда так аныктоо үчүн маалыматтарды GPS навигаторго киргизгиле. Эгерде мындай мүмкүнчүлүк жок болсо, анда рельефтик маалыматтарды көрсөтүү менен схемалык карта чийүү зарыл (дарыя, капчыгай, токой ж.б.у.с). Андан соң малчы менен бирге жайыт тилкесин адатта мал жайыла турган майда тилкелерге бөлгүлө (мүмкүн болушунча, алар табигый чек араларга туш келишин карагыла (дарыя, аң, капчыгай, дөбө ж.б.у.с.). Тилке эң аз дегенде 4 зонага бөлүнүшү керек. Эгерде зоналар 4 аз болсо, анда оң жыйынтык бербейт. Тилкелердин максималдуу саны чектелбейт.




1-сүрөт. Жерге-Тал айыл аймагынын жайыт пайдалануучусунун жайыт тилкесинин картасы

Эгерде усулду колдонуу убагында картадагы тилкелер боюнча кандайдыр бир толуктоолор же кыйынчылыктар келип чыкса, анда аларды малчы менен бирге кайра карап чыгуу зарыл (адатта бул мал жаюунун биринчи айланпасынан кийин түшүнүктүү болот).

## АРЧАЛУУ-ТӨР ТИЛКЕСИНИН КАРТАСЫНА МААЛЫМАТТАРДЫ ТОЛТУРУУ МИСАЛЫ




## АРЧАЛУУ-ТӨР ТИЛКЕСИНДЕГИ БААЛОО МААЛЫМАТТАРЫН ТАБЛИЦА-ГА ТОЛТУРУУНУН МИСАЛЫ.

**Жайыттын аталышы:** Арчалуу-Төр
**Дата:** 21.08.2018
**Байкоочу:** Медер
**Пайдалануу мезгили** 23.06.2018 тартып 21.08.2018 чейин

| Жайыттын аталышы | Тилке № | Жайытты колдонуу ыргагы | Жайыттын мал жаюудан кийинки абалы | Жайыттын өсүү жана кайра калыбына келүү мүмкүнчүлүгү | МЖЖТТ (Бардыгы) |
|---|---|---|---|---|---|
| Арчалуу-Төр | 1 | 1 | -1 | 1 | 1 |
| Арчалуу-Төр | 2 | 0 | 0 | 1 | 1 |
| Арчалуу-Төр | 3 | 1 | 1 | 1 | 2 |
| Арчалуу-Төр | 4 | 1 | 1 | 1 | 3 |
| Арчалуу-Төр | 5 | 1 | 1 | 1 | 3 |
| Арчалуу-Төр | 6 | 1 | 1 | 1 | 3 |
| Арчалуу-Төр | 7 | 1 | 1 | 1 | 3 |
| Арчалуу-Төр | 8 | 1 | 0 | 1 | 2 |

Бул мисалда жайытты оң бааланган абалы көрсөтүлгөн, ал тилкелердин көптүгүнө байланышкан (8) жана ар бир тилкеде малчы 8 күндөн ашык турбайт. Дагы бир жагымдуу көрүнүш, малчы мал откоргон тилкесине экинчи жолу 30 күн убакыт өткөндөн кийин гана кайра кайтып келет, мында өсүмдүктөргө мал жаюудан кийин кайра калыбына келишине мүмкүнчүлүк берилет. Эгерде малчы алдыдагы 5 жыл аралыгында ушундай эле схема боюнча мал багууну улантса, анда тилкелер натыйжалуу жыйынтык берет жана фермерге алдыда малдын санын жайытка зыян келтирбей көбөйтүү мүмкүнчүлүгү пайда болот.

**Сунуштама:** Мал жаюуну белгиленген схема боюнча улантуу.

## КУУ-СЕРЕ ТИЛКЕСИНИН КАРТАСЫНА МААЛЫМАТТАРДЫ ТОЛТУРУУ МИСАЛЫ






## КУУ-СЕРЕ ТИЛКЕСИНДЕГИ БААЛОО МААЛЫМАТТАРЫН ТАБЛИЦАГА ТОЛТУРУУНУН МИСАЛЫ

**Жайыттын аталышы:** Куу-Сере
**Дата:** 24.08.2017
**Байкоочу:** Жаныбек
**Пайдалануу мезгили** 16.06.2017 тартып 24.08.2017 чейин

| Жайыттын аталышы | Тилке № | Жайытты колдонуу ыргагы | Жайыттын мал жаюудан кийинки абалы | Жайыттын өсүү жана кайра калыбына келүү мүмкүнчүлүгү | МЖЖТТ (Бардыгы) |
|---|---|---|---|---|---|
| Куу-Сере | Туз | -1 | -1 | 0 | -2 |
| Куу-Сере | Теской | -1 | 0 | 0 | -1 |
| Куу-Сере | Күнгөй | -1 | 0 | 0 | -1 |


Бул кырдаал боюнча малчыга – майда тилкелердин санын жок дегенде төрткө көбөйтүү жана ар бир тилкеде мал откорууну 7 күнгө чейин узартуу сунушталат. Бул вариант боюнча жайыт тилкелерин бат-бат алмаштыруу, өсүмдүктөргө терс таасирин тийгизет. Малчынын өзүнүн да башка малчылардын өтүүсүнө ачык болгон «Туз» тилкесинде жайгашканы дагы бир көйгөй болуп саналат. Мындай абал ал жайыт тилкесинин дайыма мал жаюу басымы алдында болушуна алып келет.

**Сунуштамалар:**

1. которуштуруу үчүн тилкелердин санын көбөйтүү (минимум 4 тилке)
2. мал откоруунун узактыгын 10 күнгө чейин көбөйтүү



# ЖАЙЫТТАРДЫ GRI УСУЛУ МЕНЕН башкаруу



www.camp.kg